# Эӊ баалуу кесип



Автор: Асель Жакыпбекова

Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

# Эӊ баалуу кесип

Автор: Асель Жакыпбекова

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

*Драгоценная профессия*, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/). түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.
"Эң баалуу кесип" (кыргыз тилинде), автор Асель Жакыпбекова,
Талгат Деркенбаев тарабынан которулуп адаптацияланган.

Төмөнкү сүрөттөр жогорудагы китептин лицензиясынан алынып салынган. Ар бир сүрөт автордук укук ээсинин шарттарына ылайык жөнгө салынат. Сырткы бет Tahir Mahmood, © 2021 Shutterstock.com. 1-б Natalia Golovina, © 2021 Shutterstock.com. 2-б K_Keshavayya. CC0 1.0. 3-б Frans_Pourbus_the_Younger. CC0 1.0. 4-б New Africa, © 2021 Shutterstock.com. 5-б photographerstudio, © 2021 Shutterstock.com. 6-б ajt, © 2021 Shutterstock.com. 7-б @patara, @jiradej, @npdstock, @jiradej, © 2021 Freepik.com. 8-б enchanted_fairy, © 2021 Shutterstock.com.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom




Мындан көп миңдеген жыл илгери адам баласы жапайы каманга аңчылык кылган. Каманды өлтүрүп, анын этин уруулаштарына алып келишкен. Бул күнү бардыгына майрам болгон. Себеби бардыгы тоюнуп, бактылуу болушкан.

Мерген камандын үйүлгөн сөөктөрүн жана узун азуусу бар чоң баш сөөктү бир топко карап отурду. Чынында эле каман коркунучтуу жырткыч эмеспи. Эр жүрөк жана күчтүү мергенчилер гана жапайы каманга аңчылык кыла алышат.

Мерген камандын тишин көзөп, ага жип өткөрүп, мойнуна тагып алды. Баары эми аны уруудагы эң күчтүү адам экенин билишсин! Ошентип, ал киши өзүнө кооз буюм жасап, алгачкы зергер аталды.

Учурда зер буюмдарын жасаган устаны зергер деп аташат.

Бирок үңкүр адамдары өзүлөрүнө жаныбарлардын тиштеринен, деңиз үлүлдөрүнөн жана канаттардан ар кандай кооз буюмдарды жасап алышкан. Аларды биринчи зергерлер деп атоого болобу? Силер кандай деп ойлойсуңар?



"Ювелир" англис тилинен "асыл таш" деп которулат. Зергерчилик – эң байыркы кесиптердин бири. Ал адамзат жер үстүнө тарап, адамдар аңчылык, балык уулоо жана ар кандай нерселерди чогултуп жашаган учурда пайда болгон.

Эгер зер буюмдарды аялдар гана тагынат деп ойлосоңор, анда силер терең жаңылышасыңар. Падышалар, императорлор, герцогдор, уруу башчылары жана бардык ак сөөктөр, бай, белгилүү адамдар зер буюмдарын тагынышкан.

Ар бир башкаруучу өзүнүн таажысын эң чоң асыл таштар менен коздогонго аракет кылган.



Зергерлер же зер буюмдары тууралуу көптөгөн жомоктор, китептер жана кинотасмалар бар.

Орус жазуучусу Павел Бажовдун "Малахит тоосу" жана зергерлер тууралуу жазган "Таш гүл" деп аталган чыгармасы бар. Бул чыгармасында ал малахит деп аталган тоо минералынан жасалган эң кооз зер буюмдары тууралуу баяндайт.

Француз жазуучусу Александр Дюма да "Үч мушкетёр" романында Австрия ханышасы Аннанын мойнуна илген бриллиант жасалгалары жөнүндө сөз кылган.



Зергерчилик оор, бирок ошол эле учурда абдан кызыктуу кесип. Ал бир гана туруктуулукту, чыдамдуулукту гана эмес, чоң чеберчиликти жана назик туюмду талап кылган кесип.

"Зергердин иши" деп өтө кылдаттык менен жасалган кооз буюм тууралуу айтышат. Зергер баалуу металлдардын, таштардын жана минералдардын касиеттерин жакшы билиши керек.

Бул иште катачылык кетирбеш керек. Абдан кымбат асыл ташты иштетип жатканда жаңылып, ташка жарака кетип, сынып калышы мүмкүн.

Байыркы доорлордо зергерлер көп убактысын асыл ташты кол менен кырдаганга жана жылмалоого кетирген. Ал эми азыркы учурда, жылмалоочу станоктор зергерлердин ишин абдан жеңилдетти.



Зергерчиликте таштарды жана металлдарды иштетүүнүн көптөгөн жолдору бар. Зергерлер мындай ыкмаларды техника деп аташат.

Мисалы, филиграндык ыкма бар. Жасалгалоонун негизин өрүлгөн күмүш же алтын жипчелер жана күмүштүн майда күкүмдөрү түзөт.

Өзүңөрдү зергердей сезип, пластилин шакекчеге таруунун даны менен түр жасап көргүлө. Ата-энеңерден кичинекей кычкач сурап алгыла. Аны менен иштөө силер үчүн ыңгайлуу болот. Дандар шакекчеге тизилип, бири-бирине бекитилиши керек.

Зергерчиликтин дагы бир ыкмасы "тосмолуу эмаль" деп аталат. Бул ыкма зергерден чоң чеберчиликти жана тактыкты талап кылат.

Эмаль ыкмасын колдонуп жасалганы даярдоо үчүн алгач күмүш же алтын зым менен чиймесин тартып, андан кийин жаралган тосмолорго эмаль жалатуу керек. Бул ыкманы Грузиянын зергерлери абдан жакшы өздөштүргөн. Муну алар минанкари деп аташат.

Кыргыз зергерлери көбүнчө карартуу техникасын колдонушат. Бул үчүн алар жасалганы жасалгалоодо металлды чегип же чийип чыгышат. Пайда болгон оюктарга атайын кара күлмайда затты толтурушат. Бул күлмайда зат металлда орноп калышы үчүн аны ысык мешке салышат. Андан кийин атайын химиялык аралашмага чөгөрүшөт.

Ашыкча күлмайда зат тазаланып, кара боёк оймонун изинде гана калат. Карартуу принцибин түшүнүү үчүн тыйынды алып, аны ак барак менен жаап, жөнөкөй карандаш менен кагаздын сыртынан мындай кылып контурун чийгиле:








Зер буюмдардын баасы миллиондогон доллар турат. Эң кымбат жана кооз асыл таштарга алмаз, рубин, изумруд, сапфир кирет.

Дал ушул таштар падышалардын таажыларын жана ханышалардын жасалгаларын кооздоп турат. Бул таштарды табуу өтө кыйын. Алар бир канча эле өлкөдөн казылып алынат.

Мисалы, алмаз иштетилгенден кийин бриллиант болот. Бул баалуу таштын кени Орусияда, Африкада бар. Ал эми Австралия менен Канадада кен азыраак.

Баалуу таштардын кени деп кымбат баалуу таш табылган карьерди же чуңкурду айтабыз. Кымбат баалуу акыркы таш табылгандан кийин, кен жабылат.



Зергерлер өздөрүнүн купуя сырларын уулдарына же эң ишенимдүү шакирттерине калтырып кетишет. Демек, зергерлик кесиби да муундан-муунга өтүп келген.

Үй-бүлө мүчөлөрү же бир үй-бүлөнүн бир канча мууну бир эле иш менен алектенип келсе, аны династия деп аташат. Зергерлер арасында да династиялар бар. Буга Орусиядагы Фаберже династиясын же Франциядагы Картье династиясын мисал кылсак болот.

Көптөгөн өлкөлөрдө, зер буюмдары сакталган музейлер бар. Москвага барып калсаңар, Алмаз фондуна же Москва Кремлинин Курал-жарак палатасы (Оружейная палата) музейине барууга аракет кылгыла.

Ал жерден орус императорлорунун кенчтерин, орус падышасына чет элдиктердин берген белектерин көрүүгө болот.

Көп убакыттан бери дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө падышалар жана королдор жок. Алардын таажылары жана бриллианттары музейлерде сакталып турат.

Бул баалуу зер буюмдарын жасаган айрым зергерлердин ысымдары да унутулган. Бирок чеберлер жасаган зергерчиликтин шедеврлери жүздөгөн жылдар бою элдерди суктанууга аргасыз кылып келет.

Ошондуктан зергерлик өзгөчө өнөр катары таанылган!

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Асель Жакыпбекова
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Сүрөттөр төмөнкү сайттардан алынган:
www.stutterstock.com, www.freepik.com, commons.wikimedia.org

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- **4.2 деңгээли**